ЖЭММ караштуу КТББ агенттигинин
2014-ж. « 22 » 04 № 1/188
буйругу менен бекитилген

# Кесиптик-техникалык билим берүү системасынын окуу жайынын Педагогикалык кеңеши жөнүндө Жобо

## 1. Жалпы жоболор

1. Кесиптик-техникалык билим берүү окуу жайынын Педагогикалык кеңеши окуу-тарбиялык, методикалык жана өндүрүштүк ишмердүүлүктүн негизги багыттары боюнча маселелерди карoo жана чечим кабыл алуу үчүн түзүлүүчү башкаруучу орган болуп саналат.

2. Педагогикалык кеңештин негизги милдети болуп билим берүү үлгүлөрүнүн, заманбап илимдин, техниканын жана окуу жайдын өнүгүү перспективаларынын талаптарын эске алуу менен бүтүрүүчүлөрдү даярдоо сапатын такай жакшыртууга багытталган окуу жайдагы педагогикалык жамааттын аракетин бириктирүү болуп саналат.

3. Педагогикалык кеңештер милдеттүү түрдө түзүлөт жана кесиптик-техникалык билим берүү системасынын бардык окуу жайларында туруктуу негизде иш алып барат.

4. Педагогикалык кеңеш өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө”, “Баштапкы кесиптик берүү жөнүндө” Мыйзамдарына, баштапкы кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдары жөнүндө Типтүү жобого, окуу жайдын Уставына, башка нормативдик укуктук документтерге о.э. азыркы Жобого таянып иш алып барат.

## 2. Педагогикалык кеңештин максаттары жана милдеттери

5. Педагогикалык кеңештин ишмердүүлүгүнүн негизги максаттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- кесиптик-техникалык билим берүү маселелери боюнча мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруу;
- окуу жайдын миссиясын (бирдиктүү методикалык темасын) аныктоо жана коюлган маселелерди чечүү боюнча ишти уюштуруу;
- билим берүү процессин жакшыртуу боюнча окуу жайдын педагогикалык жамаатынын ишмердүүлүгүн уюштуруу жана окуу жана иштөө үчүн оңтойлуу шарттарды түзүү;
- окуу жайдын негизги ишмердүүлүгү боюнча кезектеги маселелерди чечүү.

6. Педагогикалык кеңештин милдеттери

- Улуттук жана мамлекеттик программалардын, жогору турган уюмдардын иш планынын негизинде окуу жайдын өнүгүү концепциясын, иштин стратегиялык пландарын кароо жана талкуулоо;

- баштапкы кесиптик билими бар кадрларды даярдоо боюнча ар кандай деңгээлдеги мыйзам чыгаруу жана аткаруу бийлигинин нормативдик-укуктук документтерин аткаруу боюнча кабыл алынуучу чаралар менен иш чараларды кароо жана талкуулоо;

- жалпылап алганда окуу жайдын окуу-тарбиялык жана методикалык иштеринин пландарын жана анын түзүмдүк бөлүктөрүн ошондой эле материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү жана бекемдөө планын кароо жана талкулоо;

- баштапкы кесиптик билим берүүнүн билим берүү үлгүлөрүн ишке ашыруу о.э. окуу жайда жумушчуларды даярдоону жүзөгө ашыруучу кесиптер менен адистиктерди окуу-программалык, окуу-методикалык жана эксперименталдык-техникалык жактан камсыздалынышы боюнча иш чаралардын абалын кароо;

- окуу жайдын окуу ишинин абалы менен жыйынтыктарын, аралык жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын жыйынтыктарын, аларды даярдоо жана өткөрүү боюнча чаралар менен иш чараларды, окуучулардын азаюу себебин жана аны кыскартуу боюнча чараларды карап чыгуу;

- тарбия иштеринин, окуучулардын жүрүш-туруш абалы менен жыйынтыктарын кароо, окуу жайдагы устаттардын/класс жетекчилердин ж.б. кызматкерлердин ишинин отчетун угуу;

- окуу жайдын лицензиясына ылайык билим берүүнүн мамлекеттик стандартын өздөштүргөн окуучуларды кабыл алуу, которуу жана бүтүрүү маселелерин кароо жана чечимдерди кабыл алуу;

- мамлекеттик же мамлекеттик эмес үлгүдөгү документтерди берүү маселелерин талкуулоо жана чечим кабыл алуу;

- Методикалык кеңештин ишмердүүлүгүн кошо алып караганда методикалык иштин жыйынтыктарын кароо, окутуунун жүзөгө ашырылуучу формалары боюнча педагогикалык жана маалыматтык технологиялардын ыкмаларын жана окуу каражаттарын жакшыртуу, жумуш практикасына педагогикалык илимдин жана алдыңкы педагогикалык тажрыйбанын жетишкендиктерин киргизүү жөнүндө чечимдерди кабыл алуу;

- бөлүмдөрдүн, окуу-өндүрүштүк ж.б. бөлүктөрдүн ишмердүүлүгүнө о.э. окуу жайдагы эмгекти коргоо абалына байланыштуу маселелерди кароо жана талкулоо;

- педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу маселелерин кароо, окуу жайдын педагогикалык кызматкерлерин сыйлоо же жаза-чара колдонуу жөнүндө сунуштарды киргизүү;

- окуу жайдын компетенциясына кирген жана бекитилген Устав менен аныкталган башка маселелер.

## 3. Педагогикалык кеңештин курамы жана анын ишин уюштуруу тартиби

7. Педагогикалык кеңештин курамына төмөнкүлөр кирет: директор (педкеңештин төрагасы), директордун орун басарлары, окуу жайдын бардык педагогикалык кызматкерлери ошондой эле китепкана башчысы жана Көзөмлдөө кеңешинин төрагасы. Педагогикалык кеңештин такай курамындагы мүчөлөрүнөн төрөга шайланат. Окуу жылына карата Педагогикалык кеңештин мүчөлөрүнүн ичинен Педагогикалык кеңештин документтерин тариздөөчү катчы шайланат (ага карата протокол жана тиркемелер).

8. Педагогикалык кеңештин отурумдарына укук коргоо, билим берүү, саламаттыкты сактоо, камкордукка алуу жана көзөмөлдөө органдарынын кызматкерлери, коомдук уюмдардын, ата-энелер комитетинин ж.б. өкүлдөрү чакырылышы мүмкүн.

9. Педагогикалык кеңештин отрумдарына чакырылгандардын добуш берүү укугу жок, бирок өзүнчө маселелер боюнча чечим чыгарууда алардын оюу эске алынышы мүмкүн.

10. Педагогикалык кеңештин чечими отурумда анын курамынын үчтөн эки бөлүгүнөн кем эмес катышуусунда көпчүлүктүн добушу менен кабыл алынат. "Ооба" же "жок" деген добуштардын саны бирдей болгон учурда Педагогикалык кеңештин төрөгасынын добушу чечүүчү болуп саналат.

11. Эгерде окуу жайдын директору Педагогикалык кеңештин чечими менен макул болбой турган болсо, ал чечимдин аткарылышын токтотууга укуктуу болот, бирок ал муну менен катар үч күндүк мөөнөттүн ичинде жогору турган органга жаңжалдык кырдаалдын келип чыгышы жөнүндө маалымдоого милдеттүү. Жетектөөчү орган тиешелүү кырдаалды карап чыгат, Педагогикалык кеңештеги көпчүлүктүн мотивациясын (себебин) изилдейт жана талаш маселе боюнча акыркы чечимди чыгарат.

12. Педагогикалык кеңештин чечими протокол менен тариздешип, окуу жайдын директорунун буйругу менен бекемделет.

13. Педагогикалык кеңештин чечимдеринин аткарылышына болгон көзөмөлдү уюштурууну окуу жайдын директору жана Педагогикалык кеңештин чечимин аткаруу жөнүндө директордун буйругунда көрсөтүлгөн жоопкерчиликтүү адамдар жүзөгө ашырат.

14. Педагогикалык кеңештин чечимдерин аткаруу жыйынтыктары анын мүчөлөрүнө кийинки отурумдарда маалымдалат.

15. Педагогикалык кеңештин ар бир мүчөсү кеңештин бардык отурумдарына, анын иш-чарасына активдүү катышууга, ага жүктөлгөн тапшырмаларды өз убагында жана так аткарууга милдеттүү.

## 4. Педагогикалык кеңештин документтери

16. Педагогикалык кеңеш окуу жайдын иш планынын курамдуу бөлүгү болуп саналган план боюнча иштейт. Педагогикалык кеңештин отурумдары эки айда бир жолу чакырылып турат. Зарыл учурда Педагогикалык кеңештин кезексиз отурумдары өткөрүлүп турушу мүмкүн.

17. Педагогикалык кеңештин отурумдарынын оптималдуу саны болуп алты отурум саналат: окуу жылынын башына уюштурулуп арналган педкеңеш (август же сентябрь), төрт тематикалык педкеңеш (бир жыл ичинде), окуунун жарым жылдыгына (январь) жана окуу жылына (июнь) карата окуу жайдын ишине анализ жүргүзүүгө арналган педкеңеш

18. Педагогикалык Кеңештин отурумдары отурумдун учурунда жүргүзүлгөн жазуулардын, берилген баяндамалардын тезистеринин жана чыгып сүйлөөлөрдүн, маалымкаттардын, чечимдердин долбоорлорунун негизинде протокол түрүндө тариздетет. Чечим протоколдун текстине толук киргизилет; зарыл учурда добуштун жыйынтыгы көрсөтүлөт. Талкуу учурунда айтылган өзгөчө ойдун мазмуну тиешелүү чечимден кийин протоколго белгиленип жазылат.

19. Окуу жайларда Педагогикалык кеңештин протоколдор китеби жүргүзүлөт, ага номур коюлат, тиркелет, окуу жайдын жетекчисинин колу жана мөөрү менен бекемделет; мекемеде такай сакталат, жетекчи алмашкан учурда ал акт боюнча өткөрүлүп берилет. Педкеңештин протоколуна номур коюу окуу жылынын башынан баштап жүргүзүлөт.

20. Протоколдор китебине Педагогикалык кеңештин отурумдарында көтөрүлүүчү маселелер боюнча талкуунун жүрүшү, анын мүчөлөрүнүн сунуштары менен эскертүүлөрү киргизилет. Протокол менен билим берүү ишмердүүлүгүнүн өзүнчө маселелери боюнча окуу жайдын ишинин жыйынтыгы тариздетет. Окуучуларды кабыл алуу, которуу, бүтүрүү, иргөө тизмелик курам боюнча тариздетет.

21. Протоколго отурумдун төрагасынын жана катчысынын колу коюлат. Протоколдун өтүү күнү (дата) болуп отурумдун өткөн күнү саналат.

22. Окуу жайдын Педагогикалык кеңешинин ишин текшерүү-протоколодор китебинин тариздетиш абалы, каралуучу маселелердин тематикасынын актуалдуулугу, чечимдерди аткаруу - жогору турган башкаруу органы менен жүзөгө ашырылат.